DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Темиралиева Г.Т.*

## МУЗЕЙЛЕР ИШИНЕ ЗАМАНБАП ТАЛАПТАР ЖАНА МАМИЛЕЛЕР

*Темиралиева Г.Т.*

## СОВРЕМЕННЫЕ ТРЕБОВАНИЯ И ОТНОШЕНИЯ К РАБОТЕ МУЗЕЕВ

*G. Temiralieva*

## MODERN REQUIREMENTS AND RELATIONS TO THE WORK OF MUSEUMS

*УДК: 94(575.2) (04)*

*Маданий мурастарды сактоодо жана изилдөөдө музейлер өзгөчө роль ойнойт. XX кылымдын экинчи жарымына чейин музейлердин негизги миссиясы мурастын ар кандай түрлөрүн чогултуу, сактоо жана келечек муундарга өткөрүп берүү болгон. Бул максаттар ушул күнгө чейин толугу менен жүзөгө ашып келген жана бул аракеттер мындан ары да улана берет. Бирок заманбап ааламдашуу процесстеринин шартында дүйнөлүк коомчулуктун маданий интеграциясы күчөп жаткан учурда, бардык тармактарда анын ичинде музейлерде жаңылануу жүрүп жатат. Коомдун азыркы жашоосунун өткөөл этаптарында тарыхый топтолгон тажрыйбаны кайра жаратуу жана аны жеткиликтүү колдонуунун заманбап ыкмаларын көрсөтүү маанилүү болуп саналууда. Музейлерге жаңы көрүүчүлөрдү тартуу үчүн алар менен иштөөнүн жаңы формаларын иштеп чыгуу зарылдыгы күндөн күнгө ачыкталууда. Бул макалада музейлердин заманбап иш-ыкмаларына жол изделет.*

***Негизги сөздөр:*** *музей, экспозиция, архитектура, ааламдашуу, коом, маданият, агартуу, илим, билим, технология.*

*Особую роль в сохранении и изучении культурного наследия играют музеи. До второй половины XX века основной миссией музеев было собирать, сохранять и передавать будущим поколениям ценные и необходимые информации. На сегодняшний день эти цели реализованы, и эти усилия будут продолжены. Однако в условиях современных процессов глобализации усиливается культурная интеграция мирового сообщества, происходит обновление во всех сферах, в том числе и в музеях. На переходных этапах современной жизни общества важно воссоздать накопленный исторический опыт и представить современные методы его доступного использования. С каждым днем становится очевидной необходимость развития новых форм работы с музеями для привлечения новой аудитории. В данной статье ищется путь к современным методам работы музеев.*

***Ключевые слова:*** *музей, экспозиция, архитектура, глобализация, общество, культура, просвещение, наука, образование, технологии.*

*Museums play a special role in the preservation and study of cultural heritage. Until the second half of the 20th century, the main mission of museums was to collect, preserve and pass on valuable and necessary information to future generations. To date, these goals have been achieved and these efforts will continue. However, in the context of modern globalization processes, the cultural integration of the world community is increasing, renewal is taking place in all areas, including museums. At the transitional stages of the modern life of society, it is important to recreate the accumulated historical experience and present modern methods of its accessible use. Every day it becomes obvious the need to develop new forms of work with museums to attract a new audience. This article is looking for a way to modern methods of museums.*

***Key words:*** *museum, exposition, architecture, globalization, society, culture, education, science, education, technology.*

Жалпыга белгилүү болгондой, А.М. Разгон сыяктуу музей ишин иликтөөчүлөр совет доорундагы музей ишинин методологиясынын жана тарыхынын проблемаларына мамилени тандоодо эркин болгон эмес жана бул көрүнүш ал мезгилдин коомдук-саясий жагдайларына, расмий идеологиясына болгон байланышы аркылуу түшүндүрүлөт. Ага карабастан музей таануучулар музейлердин тарыхын, илим менен маданияттын өнүгүүсүнүн ажырагыс бөлүгү катары жана коомдук турмуштун башка кубулуштары менен тыгыз байланышта экендигин көрсөтө алышкан. Кеңеш доорунун музейге болгон мамилеси жалпы жонунан эмгекчи элди калыптандырууга багытталганы менен бүгүнкү заманбап музейлердин өнүгүшүнө даңгыр жол сала алды.

Совет доорундагы музейди өнүктүрүү концепциясынын лениндик-марксисттик парадигманын алкагында начарлап, өз алдынча өнүгүүнүн бүгүнкү күнүндө профессионал музей изилдөөчүлөр гана аны жаңырта алышты. Алар музейлерге жүктөлгөн саясий жана пропагандалык милдеттерге барган сайын азыраак кызыгып, музейлердин ар түрдүү ишмердүүлүгүн изилдөөгө басым жасашты [1, 70-81-бб.]. Атаганда иштин интерактивдүү формаларына жана экспозициялык мейкиндикке маалымат берүүнүн электрондук каражаттарын киргизүүгө көбүрөөк көңүл бурулду. Мунун баары өлкөдө санариптештирүүгө карата аракеттерди эске алганыбызда да зарыл шарт, мезгилдин талабы. Ошону менен бирге, тарыхый билимди кеңири жайылтууга жана тарыхый-маданий мурастарды сактоого көңүл бурууга багытталган иштерди аткарууга басым жасалды.

Белгилүү орус музей таануучусу М.Шляхтинанын пикиринде азыр музейлер үчүн жаңыдан пайда болгон элементтер киреше алып келүүдө. Менеджмент жана маркетинг эң “өнүккөн” музейлердин ажырагыс бөлүгү болуп калды. Бирок Эл аралык музейлер кеңешинин уставына ылайык, музейлер коммерциялык эмес мекеме болуп саналат. Алар коомдук эс-тутум институту болуп саналат. Музейге келген бүгүнкү заманбап көрүүчүнү «жаңы маданий керектөөчү» деп атоого болот жана ал билим берүүчү мүнөздөгү маалыматтарды алууга гана эмес, ырахат алууга да багытталган маанайда келет. Ошондуктан музей учурда көрүүчүнүн жашоо горизонтторун кеңейтип, маданияттар аралык ой жүгүртүү институтуна айла-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



нууда. Натыйжада инсандын сапаттык өзгөрүүсү тагыраагы – өзүн өзү таануу, жаңы тажрыйбага ээ болуу, тарыхый-маданий мурастарды өзүнүн руханий жашоосунун бир бөлүгү катары түшүнүүсү пайда болууда деп билдирет [2, 14-17-бб.].

Ал эми Н.В. Буров жаңы пайда болгон чыгармачыл маалымат доору жетишкендиктер менен токтоп калууга мүмкүндүк бербейт, алдыга жаңы талаптарды коюп, уламдан-улам татаал илимий-изилдөө, экспозициялык жана тарбиялык, коммуникациялык, уюштуруучулук, көркөм-чыгармачылык, билим берүү, тарбиялоо, эс алуу жана башка маселелерди чечүүгө мажбурлайт деген оюн айтат. Экспозициялык ишмердүүлүктү өркүндөтүүдө заманбап музей маалымат коомунун технологияларын, XXI кылымдын искусство тилин, адамдардын акыл-эсине жана сезимдерине таасир этүүчү көркөм, экспрессивдүү каражаттардын палитрасын колдонуп, интерактивдүү ыкмаларды киргизүүдө. Анын пикиринде азыркы заманбап музейдин өзгөчөлүктөрүнүн бири – келгендердин жаш чегин кеңейтүү. Изилдөө заманбап музей тарбиялык таасирдин салыштырмалуу толуктугун камсыз кыла аларын, келгендерди тарыхтын жана маданияттын баалуулуктары менен системалуу баарлашууга тарта аларын, аларды тарбиялык таасир берүүчү объекттен маданияттын жана социалдык-маданий чыгармачылыктын субъектине айландыра аларын далилдеди деп билдирет [3, 36-42-бб.]. Музейлердин жалпы коомчулукка анын ичинде жаш муундарга көбүрөөк көңүл буруп жаткандыгы тууралуу Н.Ю. Федотова да илимий макаласында белгилеп өтөт. Ал маалыматтык материалдарды эмоционалдуу берүү - мунун баары бирдиктүү планга бириктирилип, оригиналдуу архитектуралык долбоорлордун жардамы менен ишке ашырылат деген оюн айтат [4, 50-23]. Н.Ю. Федотованын музейлердин тарыхый-архитектуралык долбоорлор тууралуу пикири абдан кызыгууну пайда кылат. Акыркы кездерде музейлердин архитектурасына кайрылган бир топ дагы башка илимий иштер бар. Чындыгында эле эгемендүүлүк жылдарында түзүлүп жаткан музейлердин архитектурасы салттуу жана заманбап стилдерди гармониялуу айкалыштырууда. Бул процесс музейлерди долбоорлоодо гана эмес, экспозицияларды жана көргөзмөлөрдү уюштурууга жаңыча мамиленин пайда болушунда, эл аралык стандарттарды иштеп чыгууда да чагылдырылган. Натыйжада улуттук колориттеги заманбап музейлер пайда болду [5.]

А бирок азыр музейлерде дале болсо музей ишмердигин жана бүткүл музей мейкиндигин уюштуруунун жаңы формаларына болгон муктаждыктар көп. Алар: кошумча мейкиндиктерге муктаждык, техникалык жана технологиялык өркүндөтүүлөр, келүүчүлөрдүн санынын көбөйүшү, «маалыматтык контенттин өзгөчө түрүнө» кызыгуунун өсүшү жана заманбап музейлерге мүнөздүү жаңы функциялардын пайда болушу ж.б.у.с. модернизациялоонун негизги аргументтери. Заманбап өнүгүү тенденция-ларын активдештирүүдө музейдин жана анын имаратынын, архитектурасынын жана мейкиндиктеринин ушул талаптарга ылайык келүү маселесин көтөрүүдө. Себеби материалды эмоционалдуу берүү - мунун бардыгы бирдиктүү планга бириктирилип, оригиналдуу архитектуралык долбоорлордун жардамы менен ишке ашырылат. Мындан тышкары, музейдин ультра заманбап архитектуралык көрүнүшү да ага баруудагы таасирди арттырат. Мурда өз мезгилинин бардык талаптарына жооп берген, конкреттүү музейлер үчүн ата-йын курулган музей имараттары жана жайлар азыр жаңы идеяларга жана музей технологияларына, музейлер менен зыяратчылардын ортосундагы байланыштын жаңы сапатына, жаңы коммуникация мүмкүнчүлүктөрүнө толук жооп бербейт. Заманбап талаптарга жана табитке ылайык өзгөртүүлөр эскини модернизациялоого жана жаңы имараттарды курууга, алардын ультра заманбап көрүнүшү жана мейкиндикти уюштурууга күчтүү түрткү берүүдө. Реконструкцияланган тарыхый жана курулган жаңы музей имараттары, экспонаттарды экспозициялоону жана сактоону уюштурууга, ошондой эле көргөзмө ишинин ар кандай формалары аркылуу маданият эстеликтерин калктын калың катмарына массалык түрдө жайылтууга мүмкүндүк берүүчү мейкиндиктер болуп саналат. Заманбап музей имараттарынын дизайны негизинен искусствонун мыйзамдарына ылайык курулган архитектуралык образды аныктайт. Ошондуктан бардык учурда музей имараттарын модернизациялоо уникалдуу.

Жаңы убакыт комфорт үчүн жаңы өнүккөн өзгөрүштөрдү талап кылат. Экскурсиялык иш-чаралардын эбегейсиз илимий жана тарбиялык ролу жөнүндө унутпоо керек, бул өз кезегинде презентацияларды жана экскурсияларды заманбап техникалык жактан камсыз кылууну билдирет.Заманбап компьютердик технологияларды, анын ичинде интернетти жана башка материалдык-техникалык жабдууларды колдонуу зарылдыгы тууралуу да маселелер бар [6, 139-142-бб.]. Музейди коомдук жайга айлантуу үчүн зарыл болгон инфраструктура мурунтан эле бар. Бирок жаңы көрүүчүлөрдү тартуу үчүн алар менен иштөөнүн жаңы формаларын иштеп чыгуу зарылдыгы күндөн күнгө ачык байкалууда. Азыр музейлердеги мультимедиялык технологиянын эң кеңири таралган түрү видео орнотуу болуп саналат. Аны экспозицияларда колдонуу өзгөчө атмосфера жана динамиканы жаратат. Дал ушул аудиовизуалдык каражаттардын жардамы менен өткөнгө чөмүлүү эффектине жетишип, өткөн доорлордун өзгөчөлүктөрүн сезип, экспозициянын өзүн таптакыр башка көз менен көрүүгө болот.

Бүгүнкү маалыматтык дүйнөдөн кенен кабары бар адамдарга музей актуалдуу бойдон калуу үчүн му-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



зей кызматкерлери музейлердин глобалдык өнүгүүсүндө кандай тенденциялар пайда болуп жатканын түшүнүүсү зарыл. Азыр дүйнөдө салттуу эмес музейлер келгендердин кызыгуусун арттырууда. Тез өзгөрүп жаткан коомдо музейлер дүйнөнү түшүнүүнүн жаңы системасына тез көнүшү керек. Учурдагы салттуу музейдеги бардык материалдардын консервацияланышы жаңы көрүүчүлөрдү тартуу жана алардын кайтып келүүнү каалашына толук ылайыктуу эмес. Айрым Кыргызстан музейлеринин алкагында карап көрөлү. Мисалы, өлкөнүн түштүк аймагындагы Сулайман-Тоо улуттук тарыхый-архитектуралык музей комплекси. Музей имараты 2003-жылдары Оштун 3000 миң жылдыгын эл аралык деңгээлде белгилөөнүн процессинде заманбап стилде жана тоонун чыгыш тарабында курулуп, тоо жана музейдин имараты бири-бири менен толук айкалышкан гармонияда курулган. Оштун 3000 жылдыгын майрамдоо боюнча Кыргыз республикасынын Президентинин Жарлыгынын 3-пунктунда: «Маарекеге даярдык көрүү мезгили Кыргызстандын маанилүү маданий, илимий-билим берүү жана туристтик борбору катары Ош шаарынын социалдык-инфраструктуралык негизги маселелерин чечүү үчүн толук пайдаланылсын», - деп баса белгиленген. Иш-чаралардын негизги планына облустук тарыхый-жерге таануу музей коругу үчүн имарат куруу, тоонун айланасын тосуу, туристтер үчүн жөө жүрүүчү кеңдиги 3,5 м. аралыгындагы жолдорду куруу да пландалган болчу [7]. Ал эми бүгүн болсо дал ушул иш-чаралардын алкагында бүткөрүлгөн иштер келүүчүлөрдүн санын арбытууда. Тарыхый мезгилди эске алган таш төшөлгөн жолдор тоого чыгууга бир топ эле ыңгайлуулуктар түзүлдү. Бирок аталган музейдин ички экспозициясы эски. Анча-мынча косметикалык өзгөртүүлөр берилгени болбосо экспозициясы Ош шаарынын 3000 жылдыгын майрамдоонун алкагында жасалган боюнча турат. Өзгөчө аймактын маданиятын көрсөтүү боюнча

Өлкөдө салттуу музейлердин баары азыр өзүн модернизациялоонун үстүндө аракеттенип жатышат. Бул музейлердеги ар кандай убактылуу көргөзмөлөрдүн уюштурулушу же стационардык экспозицияларды жарым-жартылай өзгөртүү, кошумча семинарлар, окуу программалары, келүүчү менен кошумча иштерди алып баруу ж.б.у.с. иштер менен коштолуп жатат. Ушул жерден музейге келген адамга карата салттуу музей менен салттуу эмес музейдин айырмасын карап көрүү зарылдыгы бар. Мындай салыштыруунун өзү бизге музейлердин ишин жакшыртууга карата айрым нерселерди аныктоого көмөк берет. Салттуу музейде рационалдуу үстөмдүк айкын көрүнүп турса, заманбап музейде эмоционалдык компонентке басым жасалат. Салттуу музейде бардыгы катуу ички түзүлүшкө баш ийет жана так логикалык мааниге ээ. Макети, залдардын бири-бирине салыштырмалуу жайгашуусу, экспонаттарды тандоо жана жайгаштыруу, музейдин ишин уюштуруу – бардыгы салтка жана белгиленген эрежелерге баш ийет. Мындай музейде милдеттер абдан так аныкталган - адамзаттын маданий тарыхы үчүн баалуу буюмдарды чогултуу, сактоо жана көрсөтүү жүзөгө толук ашат

Ал эми заманбап музей эрежелерден четтеп кетүүгө жол берет. Мындай музейде когнитивдик маалымат эмоциялар аркылуу сиңет, ошондуктан материалды сиңирүү оңой жана келген адам үчүн белгилүү бир кызыгуулар жаралат. Бул жерде болуу кызыктуу, анткени музей тынымсыз өзгөрүп турат, анда ар дайым жаңы жана кызыктуу нерсе болуп турат. Демек заманбап музейдин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн бири - келгендерге дагы, экспозицияга дагы мамиленин көп кырдуулугунда жатат. Мында музей баалуу маалыматтын жөнөкөй сактоочусу, көргөзүүчүсү катары эмес, жеткиликтүү жана билим берүүчү материалдар көп болгону менен кызыктуу болуп интерактивдүү мейкиндик катары кабылданат. Мындай музейге кайтып келүү ар дайым кызыктуу, тажатпайт жана бул жерден көрүүчү оңой эле өзү үчүн жаңы нерсени таап, өзүнүн ачылышын жасай алат. Ар бир сапар мурункусунан айырмаланып, жаңы эмоцияларды козгойт. Салттуу музейлерде экспозициялар негизинен музей тарабынан түзүлсө, заманбап музейлердин экспозициясын музей кызматкерлери, адистер гана түзбөстөн дизайнерлер да катышат. Жыйынтыгында ал музей популярдуулугун жогорулатат. Мындай музейлерде илим, искусство, технологиянын айкалышы музей көрүүчүлөрүнүн бардык курагын өзүнө тартып, интеллектуалдык деңгээлдерин жогорулатат.

Ошентип биз музейдин өткөөл моделинин калыптанышына күбө болуудабыз, ал коомдун экономикалык, социалдык, маданий түзүлүштөрүнүн ортосундагы байланышты түзүүгө аракет жасап жатат. Азыркы кайра куруулар музей институтунун түпкү маңызы, анын социалдык функциялары үчүн, тарыхты чагылдыруу ыкмаларын жана мурастар менен иштөөнүн жаңы формаларын өркүндөтүү, музейди стратегиялык, тактикалык жана оперативдүү башкарууну өнүктүрүү үчүн күрөш деп айта алабыз. Заманбаптуулуктун эң маанилүү элементи – виртуалдык. Музейлерге жаңы заманбап технологиялар жана техникалык инновациялар тездик менен кирип, музейдин айрым иш-чараларын да (маданий, илимий, тарбиялык, педагогикалык ж.б.) жаңыча жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түздү. Мындай шарттарда музей ишинин өнүгүшү музей кызматкерлеринин жүрүп жаткан процесстерди мыкты түшүнүүсүнө, алардын тарыхый-музеологиялык изилдөөлөргө багыт алуусуна, музейди өнүктүрүүнүн артыкчылыктарын тандоосуна жараша болот. Айта кетүүчү нерсе ал үчүн музей кызматкерлеринин өз ишмердүүлүгүнүн активдештирүүсү, бүгүнкү музейлик талаптарды аткарууга бардык тараптан жооп

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



бере алгыдай илимий жана башка талаптарга ээ болуусу зарылдыкты жаратат.

**Адабияттар:**


1. Дмитриенко Н.М., Бутенко М.А., Глухов В.С., Лозовая Л.А. Российское музееведение 1930-2010-х гг.: Опыт историографического изучения. Вестник Томского государственного университета. 2016. № 404. - С. 70-81.
2. Шляхтина М.. Свременный музей: идеи и реалии. Вопросы музеологии, 2(4) /2011. - С. 14-17.
3. Буров Н.В. Современный музей: от просветительства к образовательно-воспитательной деятельности современного музея. Вестник СПбГУКИ. – Декабрь, 2010. - С. 36-42.
4. Федотова Н.Ю. Современные тенденции музейной модернизации: анализ новых архитектурных проектов. Научный электронный журнал АРТИКУЛ, №16 (4-2014).
5. Саипова Д.Ш. Современные музеи культурное наследие для будущей молодежи. / "Экономика и социум", №10(89). - 2021, www.iupr.ru
6. Курило Л.В. Новые Концепции музеев: Интеграция в современное общество. / Вестник РМАт, №2, 2014.
7. Нурунбетов Б.А., Бешимов Б.Ж., Заднепровский Ю.А., Сарыков Т.К., Узбеков М.З. / Научно обоснованная концепция «Ош 3000». – Бишкек: АО «Акыл», 1997.
8. Темиралиева Г.Т. Основные свойства предмета музей. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 4. - С. 206-209.